
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ



БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги
Буйрук № 1893/1
«16» 12 2024г.

А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН

УСТАВЫ

1. Жалпы жоболор

1.1. А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюму болуп саналат, анын билим берүү жана илимий ишмердүүлүгү жогорку билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнүн, ошондой эле кесиптик жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырууга багытталган.

ОшМПУ өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен буйруктарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору менен буйруктарына, Кыргыз Республикасына таандык болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүргүзөт.

1.2. ОшМПУнун толук фирмалык аталышы:

-мамлекеттик (кыргыз) тилде: А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети;

-расмий (орус) тилде: Ошский государственный педагогический университет им. А.Мырсабекова.

ОшМПУнун фирмалык аталышынын кыскартылып аталышы:

- мамлекеттик (кыргыз) тилде: ОшМПУ;
- расмий (орус) тилде: ОшГПУ.

1.3. ОшМПУ- мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү уюму (коммерциялык эмес уюм). ОшМПУнун балансында турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөр мамлекеттик менчик болуп саналат. Менчиктештирүүгө жана алып коюуга тыюу салынат, ОшМПУнун оперативдүү башкаруусунда мөөнөтсүз жана акысыз колдонулат.

Университеттин уюштуруу-укуктук формасы - мекеме. Менчигинин түрү-мамлекеттик.

1.4. ОшМПУнун уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети саналат. ОшМПУнун мамлекеттик башкаруу органы болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги саналат (мындан ары – мамлекеттик башкаруу органы).

1.5. ОшМПУ каттоодон өткөн учурдан тартып юридикалык жак болуп саналат, өз алдынча балансында өзүнүн аталышы жазылган Кыргыз Республикасынын герби түшүрүлгөн мөөргө ээ.

1.6. ОшМПУнун юридикалык жайгашкан жери (дареги):

-мамлекеттик (кыргыз) тилде: 714003, Ош шаары, Н. Исанов к., 73;

-расмий (орус) тилде: 714003, г.Ош, ул. Н. Исанова, 73.

1.7. ОшМПУ өзүнүн түзүмүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, колдо болгон каражаттардын чегинде түзөт.

1.8. ОшМПУ мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде кадр саясатын ишке ашырууда, окутуу, тарбиялоо ыкмаларын тандоодо, илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоодо, уюштуруу, кесиптештирүү, финансы-чарбалык жана башка маселелерди Уставдын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана башка ченемдик, укуктук актыларынын чегинде чечүүдө өз алдынча уккукка ээ.

ОшМПУда билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугу тиешелүү лицензия алган учурдан тартып берилет. ОшМПУ өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнө билим берүү деңгээлине жана (же) квалификациясына жараша тиешелүү аккредиттелген билим берүү программалары, окутуу багыттарынын жана адистиктердин кеңейтилген топтору боюнча аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө күбөлүктөрдү алган кийин мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүүгө укуктуу.

1.9. ОшМПУ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, юридикалык жактын катышуусу жок түзүмдүк бөлүмдөрдү түзө алат.

1.10. 18-май - ОшМПУнун күнү, бул күндү окуу жайдын кызматкерлери майрам катары белгилешет.

2. Ишмердүүлүктүн предмети жана максаттары

2.1. ОшМПУнун негизги максаты: орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде окутуу, фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасында педагогикалык билим берүү, педагогикалык илимди жана маданиятты өнүктүрүү болуп саналат.

- демократиялык мамлекеттин идеологиялык жана адеп-ахлактык негиздерин өркүндөтүүгө багытталган билимдерди берүү, жайылтуу жана пропагандалоо;
- илимий изилдөөлөрдү, эксперттик, аналитикалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле коомдо, анын ичинде кесиптик коомдоштуктарда заманбап илимий билимдерди жайылтуу;
- адистердин жана калктын калың топторунун арасында билимдерди жайылтуу, алардын билимин жана маданий деңгээлин жогорулатуу;
- мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү ишке ашыруу.

2.2. ОшМПУнун ишмердүүлүгүнүн предмети:

- кадрларды жогорку кесиптик билим берүүнүн; ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн; орто кесиптик билим берүүнүн; башталгыч кесиптик билим берүүнүн; кошумча кесиптик билим берүүнүн программалары боюнча даярдоо;
- Жалпы билим берүү программаларын ишке ашырат: мектепке чейинки билим берүү; башталгыч жалпы билим берүү; негизги жалпы билим берүү; орто жалпы билим берүү; кошумча билим берүү.
- жарандарды кабыл алуунун контролдук сандарынын чегинде кесиптик орто, кесиптик жогорку, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, мамлекеттик талаптарга ылайык кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык орто (толук) жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу. ОшМПУ аталган билим берүү программаларын ишке ашырууда тиешелүү типтеги жана түрдөгү билим берүү мекемелери жөнүндө типтүү жоболорду жана ушул Уставды жетекчиликке алат.
- бюджеттик каражаттардын эсебинен ишке ашырылуучу илимий-техникалык иштердин тематикалык планына ылайык ЖОЖдун профили боюнча фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү;
- жогорку кесиптик билими бар адистердин, педагогикалык жана илимий-педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик жактан кайра даярдоо.

2.3. ОшМПУнун башкы милдеттери:

- мектепке чейинки билим берүү, башталгыч жалпы билим берүү, негизги жалпы билим берүү, орто жалпы билим берүү, ошол эле учурда кадрларды даярдоо багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси боюнча же эмгек рыногунун түзүлгөн талабына ылайык жогорку кесиптик билим берүү, ЖОЖдон кийинки, башталгыч, орто жана кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бирдиктүү билим берүү комплексин түзүү;
- бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоо жана кайра даярдоо, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу;
- кадрларды даярдоонун кеңири спектри (адистиктери) боюнча жогорку же жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим алуу аркылуу инсандын интеллектуалдык, маданий, адеп-ахлактык жана физикалык өнүгүүсүнө болгон керектөөлөрүн канааттандыруу;
- фундаменталдык, изилдөөчүлүк жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү, тажрыйба-конструктордук иштерди өнүктүрүү, илимий-педагогикалык кызматкерлердин жана студенттердин биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу окуу жана илимий процесстин биримдигин камсыз кылуу;
- Университетте бирдиктүү билим берүү комплекси катары үзгүлтүксүз жана улантуучу билим берүү системасын ишке ашыруу: мектепке чейинки билим берүү - башталгыч жалпы билим берүү - негизги жалпы билим берүү - орто жалпы билим берүү - башталгыч кесиптик

билим берүү - орто кесиптик билим берүү - жогорку кесиптик билим берүү - ЖОЖдон кийинки билим берүү;
- жогорку билим берүүнү системалуу модернизациялоону камсыздоо;
- инновациялык практикаларды жайылтууга көмөктөшүү;
- билим берүү жана илим чөйрөсүндө коомдук маанилүү иш-чараларды уюштуруу, өткөрүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык жогорку билимдүү адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдердин негизде КМШнын башка мамлекеттери жана чет өлкөлөр үчүн адистерди даярдоо;
- студенттерде жарандык позицияны, патриоттук сезимди жана чыгармачылык жигердүүлүктү калыптандыруу;
- коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү;
- эл арасында социалдык-экономикалык, педагогикалык, юридикалык, экологиялык жана башка атайын билимдерди жайылтуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу;
- кадрларды даярдоо боюнча мамлекеттик талапты аткаруу.

ОшМПУ өзүнүн негизги милдеттерин аткаруу үчүн:
- окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана башка иштерди уюштурат жана өркүндөтөт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмүнүн ченемдерин жана көлөмүн, ошондой эле аткарылган илимий изилдөөлөрдүн жана окуу-методикалык иштердин көлөмүн эске алуу менен бул жүктөмдүн чектерин бекитет;
- негизги билим берүү программаларын иштеп чыгат;
- тийиштүү мамлекеттик органга профессорлор менен доценттердин окумуштуу наамдарын бекитүү жөнүндө сунуштарды киргизет;
- ОшМПУнун ишинин башкаруу түзүмүн, штаттык ырааттамасын түзөт;
- ОшМПУнун ички эмгек тартип эрежелерин жана башка локалдык ченемдик актыларды иштеп чыгат жана кабыл алат;
- студенттердин контингентин түзөт, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө;
- ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүүнүн сапатын контролдойт.

2.4. ОшМПУнун миссиясы.

Билим берүүдө сапат кепилдигин камсыздоо менен коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган, интеллектуалдык потенциалы жогору, атаандашууга жөндөмдүү, дүйнөлүк деңгээлге интеграцияланган, педагогикалык, социалдык-экономикалык багыттагы жогорку жана орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдоо.

3. Билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси жана тартиби

3.1. ОшМПУга тийиштүү болгон лицензияларга ылайык жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн, ошондой эле мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы, башталгыч, орто кесиптик жана кошумча кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырат. Университет белгиленген тартипте жаңы адистиктерди жана адистерди даярдоо багыттарын ачууга укуктуу.

3.2. Негизги билим берүү программасы даярдоонун сапатын камсыздоочу окуу планын, окуу курстарынын, сабактардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана башка материалдарды, ошондой эле тийиштүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыздоочу окуу жана өндүрүштүк практиканын программаларын, календардык окуу графигин жана методикалык материалдарды камтыйт, ал башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде эмгек

рыногунун талаптарын эске алуу менен университет тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

3.3. ОшМПУда адистерди даярдоо деңгээли боюнча программалар, интеграцияланган билим берүүчү окуу программалары (сабактар аралык, ЖОЖдор аралык, эл аралык) жана кошумча билим берүү программалары ишке ашырылышы мүмкүн.

3.4. ОшМПУ билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугуна тиешелүү лицензия алган учурдан тартып билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

3.5. ОшМПУда адистерди даярдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүсүнө, даярдоо багыттарына жана адистиктеринин тизмесине ылайык жүргүзүлөт.

3.6. Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

3.7. Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруунун багыттары же адистиктери, деңгээлдери, ишке ашыруунун нормативдик шарттары, ошондой эле студенттердин максималдуу саны лицензиялоонун жана мамлекеттик аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.

3.8. ОшМПУ республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик заказ боюнча, ошондой эле жеке жана юридикалык жактар менен келишим боюнча окутуу акысын төлөө менен кадрларды даярдоону ишке ашырат.

3.9. Мамлекеттик заказ боюнча адистерди даярдоо планы билим берүү жана илим жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Контракттык негизде адистерди даярдоо пландары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашуу боюнча студенттердин белгиленген максималдуу санынын негизинде университет тарабынан түзүлөт.

3.10. Жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо белгиленген тартипте аспирантурада жана докторантурада, ошондой эле окумуштуулук даражаларды изденүүчүлөрдү жогорку окуу жайларына же илимий-изилдөө мекемелерине бекитүү, окутуучуларды кандидаттык жана докторлук диссертацияларды даярдоо үчүн илимий кызматкерлердин кызмат орундарына которуу, диссертациялардын үстүндө иштөөнү аяктоо үчүн чыгармачылык өргүүлөрдү берүү ж.б. жолу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

3.11. ОшМПУнун окуу-методикалык, илимий-изилдөөчүлүк, педагогикалык жана чыгармачылык ишмердүүлүгү Окумуштуулар кеңешинин сунушу менен ректор тарабынан бекитилген иш-пландарга ылайык ишке ашырылат.

3.12. ОшМПУ негизги ишмердүүлүгүнүн алкагында фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Изилдөөлөр келишимдик негизде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте башка булактардын эсебинен каржыланышы мүмкүн.

3.13. ОшМПУ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык мамлекеттик жана башка билим берүү, илимий программаларына катыша алат.

3.14. ОшМПУ республикалык (улуттук), эл аралык, шаардык жана профилдик илимий-практикалык конференцияларды, симпозиумдарды, ошондой эле кеңешмелерди, жолугушууларды жана ЖОЖдун ишмердүүлүгүнүн чегинде кесиптик маалымат алмашуунун башка формаларын уюштура алат.

3.15. ОшМПУ Окумуштуулар кеңешинин чечимине ылайык илимий эмгектерди, окуу куралдарын, илимий-популярдуу адабияттарды жарыялоо менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде басма ишин жүргүзө алат.

4. Студенттерди кабыл алуунун жана окуудан чыгаруунун тартиби

4.1. ОшМПУга кабыл алуу, которуу, окуудан чыгаруу жана студенттердин окуусун калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик

укуктук актылары менен жөнгө салынат. ОшМПУга кабыл алуу эрежелери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат.

4.2. ОшМПУ билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн билим берүү ишин жүргүзүүгө тиешелүү лицензиясы болгондо гана кабыл алууну жарыялайт.

4.3. ОшМПУга белгиленген тартипте кабыл алынган жана жогорку кесиптик билим алып жаткан адамдар студент статусуна ээ. Студенттерге AVN маалыматтар системасындагы жеке кабинетине кирүү үчүн логин жана пороль берилет. Студенттер жеке кабинеттер аркылуу сабактардын жадыбалын, зачёттук-экзамендик сынактардын жыйынтыктарын көрө алышат жана сынактарды тапшыра алышат.

4.4. ОшМПУда окуган адамдардын жалпы саны билим берүү ишин жүргүзүү үчүн берилген лицензияда белгиленген контингенттин чегинен ашпоого тийиш.

4.5. Окутуунун наркы жана билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык ОшМПУ тарабынан белгиленет.

4.6. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, жогорку окуу жайына тапшыруучулардын арыздары боюнча кабыл алуу ЖРТнүн жыйынтыгына ылайык конкурстук негизде жүргүзүлөт. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарынын сакталышына кепилдик берүүгө жана эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, тиешелүү деңгээлдеги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө жөндөмдүү жарандарды кабыл алууну камсыз кылууга тийиш.

4.7. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерде белгиленген тартипте кабыл алынат.

4.8. ЖОЖдун биринчи курсуна орто (толук) жалпы билими же орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документи жана ошондой эле баштапкы кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документинде орто (толук) жалпы билим алгандыгы жөнүндөгү маалымат тастыкталса, кабыл алынат.

4.9. ОшМПУга тапшырып жаткан адамдардын документтерин кабыл алууну уюштуруу, университеттин студенттеринин курамына кабыл алуу жол-жобосун жүргүзүү үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Документтерди кабыл алуу жана университетке кабыл алуу жол-жобосу кабыл алуу эрежелери менен регламенттелет.

4.10. Студенттердин катарына кабыл алууга тандоо жана сунуштоо университеттин кабыл алуу комиссиясы тарабынан билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт. Кабыл алуунун жыйынтыктарынын негизинде абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

4.11. ОшМПУ билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга студенттерди кабыл алуунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жана тийиштүү формалар боюнча белгиленген мөөнөттөрдө кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту берет.

4.12. Кабыл алууну өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, аны түзүүнүн тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана иш-аракеттери тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат. ЖОЖдо окуган ар бир студентке белгиленген тартипте өздүк көктөмө түзүлөт.

4.13.Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен окуган жана жүйөлүү себептер менен ОшМПУдан чыгарылган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, акысыз эле (акысыз) негизде окуусун калыбына келтирүүгө укуктуу.

4.14. ОшМПУнун бюджеттик каражаттын эсебинен билим алып жаткан күндүзгү окуу формасындагы студенттерине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте жана өлчөмдө стипендия төлөнүп берилет.

Юридикалык жана жеке жактардын келишим менен окуган студенттер келишимдерде айтылган шарттарга ылайык окууга жиберген тараптын эсебинен стипендия алууга укуктуу.

4.15. ОшМПУга келишимдик негизде билим алуу үчүн кабыл алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте конкурстук негизде жалпы орто же кесиптик орто билими бар адамдардын арызы боюнча жүргүзүлөт.

4.16. Кабыл алуунун жыйынтыгынын негизинде абитуриенттерди биринчи курска кабыл алуу жөнүндө ректордун буйругу чыгарылат.

4.17. Башка билим берүү уюмдарынан ОшМПУга билимин улантуу үчүн студенттерди которуу, ошондой эле окутуу курсуна, формасына жана түрүнө карабастан бир негизги билим берүү программасынан башка билим берүү программасына которуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

4.18. Тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуу планын жана программаларын толук аткарган студенттер мамлекеттик аттестацияга киргизилет.

4.19. Мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыгы менен бүтүрүүчүгө адистиги боюнча квалификация же багыттар боюнча академиялык даража (бакалавр, магистр) ыйгаруу жөнүндө чечими чыгат.

4.20. ОшМПУда билим алуусун толук аяктабаган адамдарга белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

4.21. Окуунун узактыгы студент алган жогорку кесиптик билим деңгээлине жараша болот жана окуу планы менен аныкталат.

4.22. Адистерди даярдоо үзгүлтүксүз бюджеттик жана контракттык негизде өндүрүштөн ажыратуу менен жүргүзүлөт.

4.23. Студенттерге тиешелүү укуктар:

- тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынан төмөн болбогон билимдерди жана кесиптик көндүмдөрдү алуу;
- илимий-изилдөө иштеринин бардык түрлөрүнө, конференцияларга, тегерек столдорго, маданий-агартуучу иш-чараларды өткөрүүгө жана өз иштерин жарыялоого катышуу;
- окуу жана лабораториялык кааналарды, китепканаларды, жатаканаларды, спорттук имараттарды, окуу, илимий жана башка бөлүмдөрдүн жабдууларын университеттин тиешелүү ченемдик укуктук актыларында аныкталган тартипте пайдалануу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Куралдуу Күчтөргө чакырууну кийинкиге калтыруу;
- студенттик ишмердүүлүк маселелерин чечүү үчүн коомдук уюмдарды түзүү;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген тартипте жеке окуу графигине жана чукул тартипте сынактарды тапшырууга;
- өзүнүн адамдык абийирин коргоого, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө, билим берүү мекемесинин администрациясынын чечимдерине билим берүү боюнча мамлекеттик бийлик жана администрациялык органдарга даттануу;
- коомдук уюмдар жана ЖОЖдун башкаруу органдары аркылуу ЖОЖдун ишмердүүлүндөгү маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө;
- студенттердин өздөрүнүн макулдугу менен өндүрүштүк жана башка иштерди аткарууга тартуу.

4.24. Студенттин милдеттери:

- окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө катышууга жана окуу пландарында жана окутуу программаларында каралган окуу тапшырмаларынын бардык түрлөрүн белгиленген мөөнөттө аткарууга;
- билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде теориялык билимдерге, кесиптик көндүмдөргө, билгичтиктерге жана илимий изилдөөлөрдүн заманбап методдоруна ээ болуу;

- Уставды, ички тартип эрежелерин жана жатаканада жашоо эрежелерин сактоо;
- коомдун моралдык жана адеп-ахлактык нормаларын сактоого.

4.25. Окуудагы ийгиликтери жана илимий-изилдөө иштерине активдүү катышкандыгы үчүн Камкорчулар кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде атайын каражаттардан студенттерге моралдык жана материалдык сыйлоонун ар кандай формалары белгилениши мүмкүн.

4.26. Окуу планын аткарбаган, ушул Уставдын жоболорун сактабаган, ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин жана келишимдин шарттарын бузган студенттерге ОшМПУнун студенттеринин катарынан чыгарууга чейинки тартиптик жаза чаралары колдонулушу мүмкүн.

4.27. Окуу программасын толук аяктаган жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан ийгиликтүү өткөн студенттерге тиешелүү квалификация ыйгарылат жана "Орто, жогорку, кошумча жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн документтери жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык ОшМПУну бүтүргөндүгү тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

4.28. ОшМПУнун окууда эң мыкты ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөрүнө мыйзамда белгиленген тартипте артыкчылык диплому берилет.

4.29. Студенттерди жатаканага жайгаштырууда биринчи кезекте алыскы райондордон келген студенттердин мүмкүнчүлүктөрү эске алынат.

4.30. ОшМПУнун бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

4.31. ОшМПУ студенттердин өмүрүн коргоого жана ден соолугун чыңдоого кепилдик берген коопсуз шарттарды түзөт.

4.32. Аспиранттар жана изденүүчүлөр илимий багыттар боюнча даярдыкты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өндүрүштөн ажыратылып жана ажыратылбай туруп, илимий кызматкерлердин адистиктеринин учурдагы номенклатурасына ылайык өтүшөт.

4.33. Аспиранттар жана изденүүчүлөр окуунун белгилүү бир убагына милдеттүү:
- жеке иш пландарын аткарууга;
- илимий-изилдөө ишин жүргүзүүдө адистикти терең өздөштүрүү менен кесиптик билим алууга;
- педагогикалык тажрыйбасын өркүндөтүүгө;
- жамааттын коомдук иштерине активдүү катышууга, тарбиялык иштерди жүргүзүүгө.

4.34. Аспиранттар, изденүүчүлөр ОшМПУнун жабдууларын, лабораторияларын, кабинеттерин, китепканаларын жана окуу-материалдык базасын пайдаланууга укуктуу.

4.35. Аспиранттар, изденүүчүлөр ата мекендик, чет өлкөлүк жогорку окуу жайларына жана илимий борборлорго жумушчу сапарларды жасоого укуктуу.

5. Окуу процессин уюштуруу

5.1. Багыттар же адистиктер боюнча билим берүүнүн мазмуну тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде ОшМПУ тарабынан аныкталат, аларды сактоо милдеттүү. ОшМПУ мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткарбагандыгы үчүн, анын статусун төмөндөтүүгө же белгиленген тартипте кайра уюштурууга (жоюуга) чейин белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

5.2. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде окуу процесси окутуунун каражаттарын, формаларын жана ыкмаларын педагогикалык жактан туура тандоого негизделген.

5.3. ОшМПУ студенттерди орто аралык аттестациялоонун формасын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн тандоодо өз алдынчалыкка ээ. Билим берүүнүн бардык формалары жана деңгээлдери боюнча сабактардын негизги түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткарууну камсыз кылуучу окуу пландары жана программалары менен аныкталат. ОшМПУ сабактардын негизги түрлөрүнөн тышкары

студенттердин кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча кызмат көрсөтүү жана башка сабактарды да киргизе алат.

5.4. ОшМПУда негизги кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуу мамлекеттик (кыргыз), расмий (орус) тилдерде окутуунун жогорку сапатын камсыз кылуу, окуп жаткандардын суроо-талаптарын канааттандыруу милдеттерине негизделип жана окуу процессин кадрдык жана методикалык жактан камсыз кылуу боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт. Чет тилдердеги сабактарды өткөрүү жана студенттердин окуу программаларынын бөлүмдөрүн жана чет тилдеги бүтүрүү иштерин тапшыруусу колдоого алынат.

5.5.Окутуунун узактыгы, окуу жылынын башталышы жана аякташы, милдеттүү окуу сабактары менен студенттердин жумалык жүктөмү, экзамендик сессиялардын жана каникулдардын мөөнөттөрү жана узактыгы, ошондой эле практикалык окутуунун түрлөрү жана аяктоо формалары мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу пландары менен белгиленет.

5.6. Аудиториялык сабактардын узактыгы (академиялык саат) ОшМПУ тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

5.7. ОшМПУда окуу процессин уюштуруу окутуунун жогорку сапатын камсыз кылууга, коопсуз окуу шарттарын жана студенттердин коопсуз жашоо-турмушун камсыз кылууга умтулуунун негизинде ишке ашырылат.

5.8. Кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча биринчи жолу билим алуу биринчи жогорку билим алуу деп эсептелет.

5.9. Студенттердин билимдери, кесиптик жөндөмдөрү жана көндүмдөрү Мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү жөнүндөгү бардык документтерде Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларында белгиленген баалар менен аныкталат. Студенттердин билимин, билгичтигин жана кесиптик көндүмдөрүн экспертизалоо жана баалоо системасынын тартиби окутуунун орто аралык этаптарында ОшМПУ тарабынан белгиленет.

5.10. ОшМПУнун окуу процесси окуу пландарынын негизинде төмөнкүдөй негизги формаларда жүргүзүлөт:

- жеке сабактар;
- лекциялар;
- семинарлар;
- тайпалык сабактар;
- аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы сабактар;
- өндүрүштүк, педагогикалык практикалар.

5.11. Тарбиялык иштер студенттердин, мугалимдердин жана кызматкерлердин окуу-тарбия, чыгармачылык, өндүрүштүк ишмердүүлүгү менен айкалыштырып жүргүзүлөт. Тарбия иштерин ОшМПУнун жетекчилиги, факультеттер, тарбия иштери боюнча проректордун жетекчилиги астында, коомдук жана студенттик уюмдар жүргүзөт. 5.12. Тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуу планын жана программаларын толук аткарган студент мамлекеттик аттестацияга киргизилет. Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүгө адистиги/багыты боюнча квалификация ыйгарылат.

5.13. Бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

5.14. Жаңы илимий жетишкендиктерди пайдалануу менен адистердин квалификациясын жогорулатуу максатында ОшМПУ факультеттерди жана өркүндөтүү курстарын түзө алат.

5.15. Университет кесиптик билим берүү программаларынын ар кандай формаларын өздөштүрүү үчүн шарттарды түзөт.

6. ОшМПУнун илимий ишмердүүлүгү

6.1. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөр милдеттүү түрдө жүргүзүлүп, жогорку кесиптик билими бар бакалаврларды, магистрлерди, илим изилдөөчүлөрдү жана адистерди сапаттуу даярдоонун негизи болуп саналат.
6.2. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланууучу (мамлекеттик буюртма менен аткарылуучу илимий изилдөөлөргө жана долбоордук иштерге) илимий ишти пландаштыруу белгиленген тартипте бекитилген илимий-изилдөө (илимий-техникалык) программаларына ылайык ЖОЖ тарабынан ишке ашырылат.
6.3. Демилгелүү изилдөөлөрдү, келишимдер боюнча аткарылуучу илимий-изилдөө иштерин, ошондой эле чыгармачылык иштин башка түрлөрүн пландаштыруу ОшМПУнун жетекчиси тарабынан Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча бекитилүүчү тематикалык пландарга ылайык ОшМПУ тарабынан ишке ашырылат.
6.4. Илимий жана окуу процесстеринин интеграциясын камсыз кылуу, ошондой эле аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча алынган сертификаттарга ылайык илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо ОшМПУда илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун милдеттүү шарты болуп саналат.
6.5. Кафедралар жана башка окуу бөлүмдөр милдеттүү түрдө фундаменталдык, илимий-практикалык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүшөт жана алар жогорку сапаттагы бакалаврларды, магистрлерди, аспиранттарды жана жогорку кесиптик билими бар адистерди даярдоонун негизи болуп саналат.
6.6. Демилгелүү изилдөөлөрдү, контракттар боюнча жүргүзүлүүчү илимий изилдөө иштерин, ошондой эле чыгармачылык иштердин башка түрлөрүн пландаштыруу Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча ОшМПУнун жетекчиси тарабынан бекитилген тематикалык пландарга ылайык ОшМПУ тарабынан ишке ашырылат.
6.7. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери болуп студенттердин кеңири чөйрөсүн интеграциялоо жана илимий чыгармачылык менен окуу процессине тартуу болуп саналат.
6.8. Илимий-изилдөө ишинин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- рыноктук экономиканын талаптарын жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Кыргызстандын ар кандай проблемаларын чечүүгө багытталган коомдун улуттук-руханий кайра жаралуу процессине таасир берүүчү олуттуу салым кошо турган жаңы технологияларды, материалдарды жана окутуунун жаңы ыкмаларын ойлоп табууга колдоо көрсөтүү;
- илимий изилдөөлөрдүн жетишкендиктерин окуу процессин толуктоого пайдалануу;
- илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- таланттуу жаштарды илимий изилдөө иштерине тартуу боюнча иш-чараларды өткөрүү;
- илимий-педагогикалык кадрларды, ошондой эле окутуучу адистерди үзгүлтүксүз даярдоо боюнча окуу жана илимий-педагогикалык борборлорду уюштуруу;
- билим берүүнүн мазмунун, формаларын жана методдорун гумандаштыруу, илимий изилдөөнү каражылоонун оптималдуу жолдорун аныктоо;
- педагогикалык идеялардын, илимий инновациялардын жана иштеп чыгуулардын маалымат банкын түзүү.
6.9. Илимий-изилдөө иштери төмөнкү талаптар менен бааланат:
- Изилдөөнүн актуалдуулугу жана илимий-методикалык деңгээли;
- изилдөөнүн практикалык мааниси жана аргументтүүлүгү;
- изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана апробацияланышы;
- илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын практикада колдонулушу.
6.10. ОшМПУнун илимий-изилдөө иштерин профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер жана студенттер жүргүзөт.

6.11. ОшМПУнун илимий-изилдөө иштеринин планын аткаруу жоопкерчилиги кафедра башчыларына, факультеттердин деканларына, ОшМПУнун илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча проректоруна жана ОшМПУнун ректоруна жүктөлөт.
6.12. ОшМПУнун, факультеттин, кафедранын илимий-изилдөө жана илимий-уюштуруу иштеринин пландарынын аткарылышы жөнүндө отчеттор жыл аягында Окумуштуулар кеңешинде каралат.
6.13. Студенттин илимий-изилдөө иштери, мектепке адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуунун каражаты болуп саналат жана ал окуу процесси менен ажырагыс байланышта жүргүзүлүшү керек.
6.14. Окуу процессиндеги студенттердин илимий-изилдөө иштерине төмөнкүлөр кирет:
- реферат, лабораториялык иштерди, курстук иштерди даярдоо, илимий изилдөөнүн элементтерин камтыган дипломдук (долбоордук) иштерди, баяндамаларды аткаруу;
- өндүрүштүк жана окуу практикаларынын мезгилинде илимий-изилдөө мүнөзүндөгү конкреттүү тапшырмаларды аткаруу;
- теориялык негизги илимий изилдөөлөрдүн методдорун изилдөө, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана аткаруу, илимий тажрыйбаларды жүргүзүү, илимий маалымат менен иштөө;
- теориялык негиздердин методдорун ишке ашыруу, илимий изилдөөлөрдү, илимий эксперименттерди уюштуруу жана аткаруу.
6.15. Студенттердин аудиториядан тышкаркы илимий - изилдөө иштери төмөнкү формаларда жүргүзүлөт:
- студенттик илимий ийримдерде иштөө;
-студенттик конструктордук, долбоордук, котормо жана башка борборлордо чыгармачылык чеберчилик студияларында иштөө;
- жетекчилердин тапшырмасы менен өз алдынча жана жекече иштөө;
- илим, техника жана маданият тармагындагы билимдерди жайылтуу боюнча лекцияларды өткөрүү.
6.16. ОшМПУнун илимий-изилдөө иштери мамлекеттик бюджеттин жана атайын каражаттардын эсебинен каржыланат.

7. ОшМПУнун кызматкерлерин штаттык комплектациялоо тартиби, алардын укуктары жана милдеттери

7.1. ОшМПУда ректордун, проректорлордун, факультеттердин деканларынын, түзүмдүк бөлүмдөрдүн директорунун, кафедра башчыларынын, профессордук-окутуучулук курамдын, административдик-чарбалык жана окуу-көмөкчү персоналдын кызмат орундары каралган.
7.2. Профессордук-окутуучулук курам төмөнкүлөргө укуктуу:
- алар окуткан окуу дисциплиналарынын мазмунун мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык аныктоого;
- окутуунун каражаттарын жана методдорун эркин тандоо жана окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуучу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү өргүүгө чыгуу;
- квалификацияны жогорулатуу жана окуу китептерин жазуу үчүн чыгармачылык өргүү берилет. Чыгармачыл өргүүнүн узактыгы ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан же өргүүнүн максаттарына жана финансылык камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө жараша келишимдин шарттары менен аныкталат;
- өзүнүн кесиптик ишин тиешелүү уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу;
- ОшМПУнун окуу, илимий ишмердүүлүгүнүнө тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышуу;
- имараттарды жана маалымат фонддорун, кеңселердин, китепканалардын, окуу жана

илимий мекемелердин, социалдык, маданий жана башка бөлүмдөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүн белгиленген тартипте пайдаланууга;
- профессордук-окутуучулук курамдын илимий ишмердүүлүгү жана руханий өнүгүүсү боюнча квалификациясын жогорулатууга катышууга;
- университеттин, факультеттин Окумуштуулар кеңешинин курамына шайланууга жана шайлоого;
- ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын уставдарына жана мыйзамдары аркылуу көзөмөлдөнүүчү кесиптик жана коомдук-саясий уюмга биригүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ОшМПУнун администрациясынын буйруктарына жана көрсөтмөлөрүнө даттанууга.
7.3. Профессордук-окутуучулук курамдын милдеттери:
- окуу жана илимий процесстердин натыйжалуулугун жана студенттердин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
- студенттердин өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн, чыгармачылыгын өнүктүрүү, аларда жогорку адеп-ахлак нормаларын тарбиялоо, кесиптик сапаттарды, жарандык, азыркы цивилизациянын жана демократиянын шарттарында жашоого жана иштөөгө жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү;
- билим деңгээлин жана квалификациясын тынымсыз жогорулатууга, илимий изилдөөлөрдү жана чыгармачылыктын башка формаларын жүргүзүүгө, аларга студенттерди активдүү тартууга, ушул Уставдын нормаларын сактоого;
- окуу процессинин жана жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга;
- ушул Уставдын жоболорун сактоо жана ОшМПУнун жетектөөчү органдарынын чечимдерин аткаруу;
- ОшМПУнун мүлкүн сактоо, анын китеп фондун сактоо;
- окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштеринде жогорку натыйжалуулукту камсыз кылуу;
- сабактарды илимий-теориялык деңгээлде студенттерге жеткиликтүү өткөрүү;
-мамлекеттик стандарттардын талаптарынын негизинде студенттердин өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
- педагогикалык этиканын нормаларын сактоо;
7.4. ОшМПУнун окутуучулары негизги кызмат орду менен бир эле учурда кафедра башчысынын, декандын, бөлүм башчынын, практиканын, методикалык бөлүмдүн кошумча милдеттерин айкалыштырып иштөө шартында аткара алышат.
7.5. ОшМПУнун профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык конкурстук негизде жүргүзүлөт.
7.6. Конкурстук негизде бош кызмат орундарына шайланбай калган, ошондой эле конкурска катышуу үчүн арыз бербеген адамдар семестр аяктагандан кийин шайланууу мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу ээлеген кызматынан бошотулат.
7.7. ОшМПУнун администрациялык-чарбалык жана башка кызматкерлеринин, ошондой эле бардык категориядагы кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары, ОшМПУнун ушул Уставы менен аныкталат.
7.8. Административдик-башкаруу курамы кызмат орундарын айкалыштыруу менен окутуучулук иштерди да аткара алат. Бул жумуштарды аткаруунун шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен аныкталат.
7.9. ОшМПУнун окутуучуларын жана башка кызматкерлерин жумушка алуу жана бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык же келишимде каралган шарттарда ишке ашырылат.
7.10. ОшМПУнун бөлүмдөрүнүн жетекчилери кызматка ректор тарабынан дайындалат жана ОшМПУ тарабынан бекитилген бөлүмгө тиешелүү жобонун негизинде иш алып

барат.
7.11. ОшМПУга таандык укуктар ректор жана Окумуштуулар кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарында каралган милдеттерди бөлүштүрүү боюнча проректорлор менен бирдикте, кесиптик бирлик уюмунун макулдугу же катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

8. ОшМПУнун укуктары жана милдеттери

8.1. ОшМПУнун негизги милдети тиешелүү талаптарга жооп берген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо болуп саналат.
8.2. ОшМПУнун милдеттери:
- инсандын билим алууга, интеллектуалдык, маданий, психологиялык жана физикалык жактан өнүгүүгө болгон муктаждыктарын канааттандыруу;
- коомдун жогорку жана орто кесиптик билими бар квалификациялуу адистерге болгон муктаждыгын канааттандыруу;
- КМШ мамлекеттери жана башка чет өлкөлөр үчүн келишимдик негизде адистерди даярдоо;
- өндүрүштүк же илимий чөйрөдөгү маселелерди чыгармачылык менен чечүү жөндөмү бар терең кесиптик билим берүүнү айкалыштыра алган адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- билим берүү жааттындагы алдыңкы тажрыйбаны жыйноо жана аларды жайылтууда ар түрдүү рекомендациялар боюнча кызмат көрсөтүү;
- окуу-методикалык, илимий жана тарбия берүү процесстеринин биримдигин сактоо менен фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү, тажрыйбалык-конструктордук иштерди уюштуруу жана жүргүзүү;
- билим берүүнү гумандаштыруу, адистерди жогорку маданиятка жана жарандык активдүүлүккө тарбиялоо;
- улуттук наркотуулукту жайылтууда ийгиликтерге жетүү үчүн ар бир муундун физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша методдорду, талаптарды иштеп чыгуу.
-коомдун наркотуу өкүлүн жана наркотуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырууда мамлекеттик тилге жана тарыхый баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу;
- илимдин, техниканын жана технологиянын өнүгүшүн эске алуу менен адистерди даярдоонун заманбап ыкмаларын киргизүү;
- жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин илимий-педагогикалык жактан даярдоо жана билимин өркүндөтүү;
- жогорку сапаттагы илимий жана окуу-методикалык адабияттарды иштеп чыгуу;
-илимий-өндүрүштүк бөлүмдөрдү жана өндүрүштүк иштерди өнүктүрүү, Уставдын беренелерин ишке ашыруу максатында университеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, өнүктүрүү, анын ички керектөөлөрүн канааттандыруу;
- коомдун өнүгүшүнө жана рыноктун талаптарына жараша билим берүү мейкиндигин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо;
- гранттар жана кредиттер түрүндө окуу жайга эл аралык финансылык кирешелерди тартуу;
- өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Уставдын талаптарын сактоо;
- негизги ишмердиги боюнча пландарды жана отчетторду тиешелүү мөөнөттө иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берүү;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүү үчүн бухгалтердик отчетторду, баланстарды жана сметаларды өз убагында берүү;
- өз кызматкерлерин жумуш менен камсыз кылуу, коопсуз эмгек шарттарын жана өндүрүштүк санитарияны түзүп берүү;
- лицензиялоодон жана аккредитациялоодон белгиленген мөөнөттө өтүү.
8.3. Өз көйгөйлөрүн чечүү үчүн ОшМПУ төмөнкүлөргө укуктуу:

- билим берүү, илимий-техникалык, өндүрүштүк жана социалдык өнүгүү үчүн финансылык жана материалдык ресурстарды пайдаланууга, натыйжалуу иштөө үчүн зарыл болгон финансылык операцияларды жүргүзүүгө, анын ичинде жабдууларды, техникалык документтерди, окуу куралдарын жана башка мүлктөрдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Камкорчулар кеңешинин макулдугу менен атайын каражаттардын эсебинен накталай эмес жана накталай төлөмдөрдүн чегинде сатып алууга;
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана башка мыйзам актыларын жетекчиликке алып, өз ыйгарым укуктарынын чегинде ОшМПУга жүктөлгөн милдеттерди ишке ашырууга багытталган чечимдерди кабыл алат жана алардын негизинде иш-чараларды жүзөгө ашырат;
- өзүнүн уюштуруу структурасын иштеп чыгуу, профессордук-окутуучулук курамдын жана башка кызматкерлердин, студенттердин жана стажерлордун интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуучу эмгекти уюштуруунун жана стимулдаштыруунун формаларын аныктоо;
- штаттык расписаниени түзөт жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен учурдагы нормаларга ылайык жана эмгек акы фондунун чегинде адистердин санынын катышын эске алуу менен кызматтык маяналарды жана ставкаларды белгилейт;
- имараттарды, курулуштарды, транспорт каражаттарын, инвентарларды, шаймандарды жана башка материалдык баалуулуктарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык убактылуу пайдаланууга берүү, ошондой эле эгерде алар эскирген же моралдык жактан эскирген болсо, белгиленген тартипте аларды баланстан чыгаруу;
- ОшМПУнун жана анын бөлүмдөрүнүн муктаждыктарын чечүү үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү аткаргандыгы үчүн башка уюмдар жана ишканалар менен финансылык операцияларды жүргүзүү;
- белгиленген тартипте юридикалык жактын статусуна ээ болгон жаңы бөлүмдөрдү, окуу жайларды, окуу-консультациялык пункттарды, филиалдарды, борборлорду, институттарды түзүү;
- ар кандай ассоциацияларга, анын ичинде эл аралык ассоциацияларга кошулуу;
- ар кандай уюмдар менен түз келишимдердин жана контракттардын негизинде кадрларды даярдоону, адистер менен алмашууну жана илимий стажировкаларды өлкөнүн чегинде, ошондой эле чет өлкөлөрдө ишке ашырууга болот;
- Эмгек жана окуу шарттарын жакшыртуу максатында КР мыйзамдарынын чегинде башка юридикалык жактар менен укуктук мамилелерди түзүүгө;
- билим берүү ишмердүүлүгүнүн алкагында сырткы кызматташуу максатында илимий-изилдөө, чыгармачылык иштерди жүргүзүү жана окутуучулар, студенттерди алмашуу шарттарында биргелешкен жамааттарды түзүүгө болот;
- жардамга муктаж студенттерге, эмгектин жана Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлерине, учурда иштеп жаткан жана иштеп кеткен пенсионерлерге санитардык-курорттук дарылануда жана эс алууда стипендияларга, жөлөкпулдарга, пенсияларга жана чыгымдарга үзгүлтүксүз жана бир жолку кошумча түрүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Камкордук кеңешинин макулдугу менен атайын каражаттардан кошумча жеңилдиктерди берүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Камкорчулар кеңешинин макулдугу менен атайын каражаттардан кызматкерлердин эмгегин баалоо критерийлери жөнүндө Окумуштуулар кеңеши кабыл алган Жобонун негизинде кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн ай сайын берилүүчү жеке үстөк түрүндө кошумча формаларын жана системаларын аныктоо;
- интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгектин продукцияларынын аталыштарында өзүнүн атрибуттарын жана символдорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- келишимдин негизинде илимий-изилдөө иштерине тартуу максатында башка жогорку окуу жайлардан, анын ичинде чет өлкөлүк жогорку окуу жайлардан лекция окуу үчүн

адистерди чакырууга. Келишим мезгилинде чакырылган адис ОшМПУнун кызматкерлери сыяктуу эле укуктарга ээ болот.
- студенттерге мыкты окуу үчүн жеке стипендия берүү.

9. Билим берүү уюмунун органдары, алардын компетенциясы жана башкаруу тартиби

9.1. ОшМПУну башкаруу демократиялаштыруу, децентралдаштыруу, көз карандысыздык жана өз алдынча башкаруу принциптерине негизделген.
Жалпы чогулуш, камкорчулар кеңеши, Окумуштуулар кеңеши тең башкаруунун формалары болуп саналат.
9.2. Уюштуруучунун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
- ОшМПУнун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоо;
- ОшМПУнун Уставын, ошондой эле ага киргизилүүчү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү;
- ОшМПУну кайра уюштуруу жана жоюуга байланышкан маселелерди кароо.
9.3. ОшМПУга жетекчилик кылууда маанилүү маселелерди чечүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык коллегиялуулуктун принциптеринде, ошондой эле ОшМПУнун профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин, студенттер жана асисстенттердин катышуусу менен жүзөгө ашырылат.
9.4. ОшМПУнун Камкорчулар кеңешинин максаты - көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын, ишинин ачыктыгын, ошондой эле бюджеттен тышкаркы каражаттарды натыйжалуу пайдалануну жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.
ОшМПУнун Камкорчулар кеңешин түзүү, сандык курамын жана иш тартибинин регламенти Кыргыз Республикасынын "Камкорчулук кеңеши жөнүндө" Мыйзамынын негизинде жөнгө салынат.
9.5. Билим берүү жана илимий ишмердүүлүктү жүргүзүү, окуу жайдын ички саясатын ишке ашыруу, ОшМПУнун ишмердүүлүгүндөгү негизги маселелерди жогорку профессионалдык деңгээлде чечүү жана адистерди сапаттуу даярдоону камсыз кылуу максатында Окумуштуулар кеңеши уюштурулат.
ОшМПУнун окумуштуулар кеңеши ЖОЖду башкаруунун коомдук-кесиптик органы болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин кадрларды тандоо, жайгаштыруу, бошотуу, финансылык-чарбалык иштер маселелери боюнча чечимдери сунуштама мүнөзгө ээ.
9.6. ОшМПУнун окумуштуулар кеңешин түзүү сандык курамынын жана иш регламентинин тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

9.7. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү” мыйзамынын 22-беренесинин 5-пунктуна ылайык ОшМПУнун ректору кызмат ордуна илимий даражасы жана наамы, ошондой эле тийиштүү квалификациясы бар адистердин ичинен КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дайындалат.

Ректор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык өз компетенциясынын чегинде:
- ОшМПУнун билим берүү, илимий, өндүрүштүк, чарбалык, финансылык, эл аралык жана башка иштерине жетекчилик кылат;
- ОшМПУнун түзүмүн бекитет;
- ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөйт;
- ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин катчысынын талапкерлигин Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунуштайт;
- факультеттин кеңешинин жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же ушул Уставга каршы келген учурларда аларды токтотот;
- Окумуштуулар кеңешинин чечими менен ОшМПУнун жана анын түзүмдүк

бөлүмдөрүнүн ишин уюштурат;
- ОшМПУнун түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот;
- өз компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарат, бардык кызматкерлер жана студенттер аткарууга милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;
- ушул Уставда каралган башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды аткарат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ОшМПУнун атынан иш алып барат, бардык уюмдарда анын атынан чыгат, анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктык эсептерди ачат жана кредиттерди башкаруучу болуп саналат.
- ЖОЖдун ишинин жыйынтыгы, мамлекеттик стандарттардын талаптарына жооп берүүсү, билим берүүнүн сапаты жана адистерди даярдоо үчүн жоопкерчилик алат;
- окуу иштери боюнча проректорду Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бекитүүсү үчүн өтүнөт;
- ОшМПУнун проректорлорунун жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин функционалдык милдеттерин аныктайт;
- ОшМПУнун жумушчуларын, кызматкерлерин ишке кабыл алат жана бошотот, ошондой эле профессордук-окутуучулук курамдын жана илимий кызматкерлердин кызмат орундарын ээлөөнүн белгиленген тартибинин сактоону камсыз кылат;
- кызматкерлерди, анын ичинде проректорлорду жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин сыйлоо маселелерин чечет;
- ОшМПУнун өнүгүү стратегиясын иштеп чыгат;
- ОшМПУнун кызыкчылыктарын мыйзам чегинде коргойт;
- жыл сайын ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешине, КР Билим берүү жана илим министрлигине ОшМПУнун ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү боюнча отчет берет.
9.8. ОшМПУнун ректорунун кызматтык милдеттерин акы төлөнүүчү башка кызматтар менен айкалыштырууга руксат берилбейт (илимий, илимий-методикалык кызматтардан тышкары).
9.9. ОшМПУнун окуу, окуу-методикалык иштерине түздөн-түз жетекчиликти окуу иштери боюнча проректор ишке ашырат, ал окуу процессин уюштурууга жооптуу.
9.10. ОшМПУнун илимий-изилдөө иштерин уюштурууну илимий иштер боюнча проректор ишке ашырат.
9.11. ОшМПУнун факультети окуу-илимий, административдик бөлүм болуп саналат, ал кафедралардын, лабораториялардын жана башка бөлүмдөрдүн окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө, илимий-методикалык иштерине жалпы жетекчилик кылат жана өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт.
9.12. Факультеттин ишине факультеттин деканы түздөн-түз жетекчилик кылат, ал факультеттин профессордук-окутуучулук курамынын жалпы чогулушунда конкурстук негизде, тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы окумуштуулук даражасы бар адистердин ичинен тандалып алынат (жашыруун добуш берүү менен) жана ЖОЖдун жетекчисинин буйругу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.
9.13. Кафедра негизги илимий-структуралык бөлүм болуп саналат, кафедра башчысы ОшМПУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан шайланат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып барат.
9.14. Кафедранын ишмердүүлүгүнө кафедра башчысы түздөн-түз жетекчилик кылат, ал өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде көрсөтмө берет жана окуу, илимий иштердин уюштурулушу жана сапаты, кафедранын окутуучулары менен кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн толук жоопкерчилик тартат.
9.15. ОшМПУда Кыргыз Республикасынын "Коомдук бирикмелер жөнүндө" Мыйзамынын негизинде жана ОшМПУнун кызматкерлеринин кызыкчылыгында иш алып барган коомдук

бирикмелер, уюмдар (саясий жана диний уюмдардан тышкары) түзүлүшү мүмкүн.

10. Эл аралык ишмердүүлүктү уюштуруу

10.1. ОшМПУ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле эл аралык келишимдерге ылайык орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү, илимий, илимий-техникалык, окутуучулук жана башка ишмердик жаатында эл аралык кызматташтыкты ишке ашырат:

- студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, докоранттардын, педагогикалык жана илимий кызматкерлердин эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу программаларына катышуу;
- чет өлкөлүк студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды жана докоранттарды даярдоо;
- Университеттин студенттерин, магистранттарын, аспиранттарын жана докоранттарын чет өлкөлөргө окууга жана стажировкага жөнөтүү;
- университеттин окутуучуларын, илимий кызматкерлерин жана башка кызматкерлерин чет өлкөлөргө жөнөтүү;
- биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, ошондой эле конгресстерди, конференцияларды, симпозиумдарды жана башка иш-чараларды өткөрүү;
- эл аралык ассоциациялардын жана уюмдардын ишине катышуу;
- орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнү өркүндөтүүнүн эл аралык программаларына катышуу;
- эл аралык кызматташуунун башка түрлөрүнө катышуу.

10.2. Чет мамлекеттердин жарандарын ОшМПУда даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, ОшМПУнун кызматкерлеринин чет өлкөлөрдөгү окутуучулук жана илимий-изилдөө иштери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана мамлекеттер аралык макулдашуулардын, чет мамлекеттердин билим берүүнү башкаруунун тиешелүү органдарынын ортосундагы макулдашуулардын, ошондой эле ОшМПУнун чет өлкөлүк юридикалык жактар, анын ичинде окуу жайлары же чет өлкөлүк жарандар менен түзүлгөн келишимдеринин негизинде ишке ашырылат.

10.3. ОшМПУ төмөнкүлөргө укуктуу:

- билим берүү жаатында өкмөттүк эмес эл аралык уюмдар менен кызматташат;
- чет элдик өнөктөштөр менен биргелешкен иш-аракеттер жөнүндө келишим түзүү;
- чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн катышуусу менен билим берүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, борборлорду, лабораторияларды, технопарктарды жана башка бөлүмдөрдү түзүү;
- эл аралык билим берүү ассоциацияларына жана консорциумдарына катышуу;
- ар кандай булактардын каражаттарынын эсебинен каржыланган эл аралык билим берүү жана инвестициялык долбоорлорго катышуу.

11. Финансылык-чарбалык ишмердүүлүктүн структурасы жана тартиби

11.1. ОшМПУнун каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- республикалык бюджет;
- негизги фонддорду ижаралоодон жана пайдаланылбаган жабдууларды жана башка каражаттарды сатуудан түшкөн каражаттар, кредиттер;
- билим берүү, консультациялык, илим-изилдөө, басма, агартуу жана башка мыйзамдуу иштерден түшкөн каражаттар;
- юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу салымдары, кайрымдуулуктары, гранттары;
- окуу акысы. Ар бир окуу жылына окуу акысынын өлчөмү мыйзамда белгиленген тартипте монополияга каршы орган менен макулдашылган жана ЖОЖдун жетекчиси бекиткен чыгымдардын сметасы менен аныкталат.

Окутуунун сметалык наркы окуу, тарбия жана илимий процесстерди жүргүзүүгө жана маалыматтык камсыздоого, ЖОЖдун учурдагы камсыздалышы, эмгек акы төлөө үчүн

каражаттарды түзүүгө, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө жана кызматкерлерди материалдык жактан стимулдаштырууга, студенттерди социалдык колдоого жумшалуучу чыгымдарды камтышы керек.
- кошумча билим берүү кызматтары үчүн акы төлөө, анын ичинде экинчи же андан көп адистиктер боюнча окутуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка кирешелер.
11.2. ОшМПУ мамлекеттик заказды ишке ашырууга бөлүнгөн каражаттардын чегинде, ошондой эле өздүк каражаттардын жана башка мыйзамдуу булактардын эсебинен өзүнүн материалдык-техникалык базасын өз алдынча өнүктүрөт.
11.3. Бюджеттен сырткаркы кирешелер кошумча кызматтарды киргизүүгө, кызматкерлердин эмгек акысын төлөөгө, кошумча төлөмдөрдү каароого, профессордук-окутуучулук курамдын билимин жана билим деңгээлин жогорулатууга жана башка чыгымдарга жумшалышы мүмкүн.
11.4. ОшМПУнун финансылык-чарбалык ишмердиги боюнча келип чыккан талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде чечилет.

12. Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук

12.1. ОшМПУ белгиленген форма боюнча статистикалык, бухгалтердик эсепти жана өз ишинин натыйжаларынын отчеттуулугун жүзөгө ашырат жана тиешелүү органдарга берет.
12.2. Кызмат адамдары отчеттуулукту бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген юридикалык жоопкерчилик тартышат.
12.3. "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ОшМПУда архив түзүлүп, ага байланыштуу:
- ректордун буйругу менен өндүрүштүк муктаждыктарга байланыштуу кароо-эксперттик комиссиялар түзүлөт;
- "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына жооп берген атайын бөлмө бөлүнөт;
- университеттин архивин архивдөө, сактоо жана материалдык жактан камсыз кылууга багытталган иш-чаралар жүргүзүлөт.
12.4. ОшМПУ жыл сайын отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-августуна чейин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан түшкөн бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдалышы боюнча коомдук угууларды өткөрүүгө милдеттүү.
12.5. Коомдук угууларга ОшМПУнун окуу процессинин катышуучулары, жарандык сектордун өкүлдөрү жана бардык кызыкдар тараптар катыша алышат.

13. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби

13.1. Ушул Уставдын жоболору уюштуруучунун чечиминин негизинде төмөнкү учурларда өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн: уюштуруучу алмашканда, юридикалык дареги өзгөргөндө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндө, баш ийүүсү жана аталышы өзгөргөндө.
13.2. Уставды өзгөртүү жөнүндө сунуштар Окумуштуулар кеңешине киргизилет. Аларды талкуулагандан кийин Уюштуруучунун бекитүүсү менен Окумуштуулар кеңешинин чечими менен кабыл алынат.
13.3. ОшМПУнун ишмердүүлүгүндө келип чыккан документтер, ал кайра уюштурулган же жоюлган учурда "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталууга тийиш.

14. ОшМПУну кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби

14.1. ОшМПУ өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайра уюштуруу же жоюу жолу менен токтотот.
14.2. ОшМПУну кайра уюштуруу жана жоюу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана уюштуруучу тарабынан аныкталат.

14.3. Кайра уюштуруу ОшМПУга, анын укук мураскерине же жогору турган органга таандык укуктарды жана милдеттерди өткөрүп берүүгө алып келет.
14.4. ОшМПУну жоюуда же кайра уюштурууда иштен бошотулган кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышына кепилдик берилет.
14.5. ОшМПУ жоюлган учурда Уюштуруучу илимий жана илимий-техникалык маалыматтардын, анын ичинде жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтардын маалымат базасынын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт.
14.6. ОшМПУ кайра уюштурулган учурда анын ишмердүүлүгүндө түзүлгөн бардык документтер, анын ичинде өздүк курам боюнча документтер укук мураскеринин сактоосуна, ал эми жоюлган учурда – Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивине өткөрүлүп берилет.
14.7. ОшМПУнун ишинин токтотулушун каттоо датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

Прошнуровано и пронумеровано
на _____листах